# “ЕАЭБ алкагында товарларды/иштетип алма чийки затты ташып киргизүү/ташып чыгаруу жөнүндө кабарламасын (FORM STI-015)” жана “ЕАЭБ алкагында мурда ташып киргизилген/ташып чыгарылган товарларды ташып чыгаруу/ташып киргизүү же иштетип алма чийки затты кайра иштетүү продукциясын ташып чыгаруу/ташып киргизүү жөнүндө кабарламасын (FORM STI-016)” онлайн тапшыруу боюнча колдонуучунун колдонмосу

Версия 1.0

13.11.2025

Бишкек ш.

# Мазмуну

Кабарламаны ким тапшырат ..... 3

“Салык төлөөчүнүн кабинети” тутумунда STI-015 кабарламасын кантип тапшыруу керек ..... 3

Кабарламанын бөлүмдөрүн толтуруу ..... 4

1-бөлүм. Жалпы маалымат ..... 4

2-бөлүм. ЕАЭБге мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсү жөнүндө маалымат ..... 5

3-бөлүм. Кабарламанын мазмуну ..... 5

4-бөлүм. Ташып киргизилүүчү/ташып чыгарылуучу товарлар жөнүндө маалымат ..... 5

Кабарлама менен иштөө (түзөтүү, басып чыгарылган версиясын көрүү, жөнөтүү) ..... 6

Маалыматтарды көрүү ..... 6

Басып чыгаруу ..... 7

Түзөтүү ..... 7

Салык органына Кабарламаны жөнөткөндөн кийин эмне кылуу керек? ..... 7

Кабарлама менен иштөө (Мөөнөтүн узартуу, жабуу) ..... 7

Мөөнөтүн узартуу. ..... 8

Кабарламаны жабуу (STI-016 формасын тапшыруу) ..... 8

Салык төлөөчүнүн кабинетиндеги кабарламалардын статустарынын чечмелениши ..... 10

Сүрөт 1. ЕАЭБ модулу - Убактылуу ташып киргизүү/ташып чыгаруу жөнүндө кабарлама ..... 4
Сүрөт 2Форманы толтурууга өтүү ..... 4
Сүрөт 3 1-бөлүм, STI-015 кабарламасы ..... 4
Сүрөт 4 2-бөлүм, STI-015 кабарламасы ..... 5
Сүрөт 5 3-бөлүм, Кабарламанын мазмуну ..... 5
Сүрөт 6 Ташып киргизилүүчү/ташып чыгарылуучу товарлар же иштетип алма чийки зат жөнүндө маалымат бөлүмү ..... 6
Сүрөт 7 Тизме, түзүлгөн кабарлама ..... 6
Сүрөт 8 Мисал, Салык органынын четке кагуу себеби менен маалыматтарды көрүү ..... 6
Сүрөт 9 Мисал, товар жөнүндө маалыматты көрүү ..... 7
Сүрөт 10Басып чыгаруу жана PDF форматында документти жүктөп алуу ..... 7
Сүрөт 11 Салык органына иштеп чыгууга жөнөтүлгөн кабарлама ..... 7
Сүрөт 12 Мөөнөттү узартууга форма ..... 8
Сүрөт 13Узартылган/четке кагылган узартуу мөөнөтү тууралуу кабарлама ..... 8
Сүрөт 14 3-бөлүмдүн мисалы ..... 9
Сүрөт 15 STI-016 кабарламасы үчүн иш жүзүндөгү маалыматтарды толтуруу ..... 9
Сүрөт 16 Кайра иштетүү продуктусуна STI-016 формасын толтуруунун үлгүсү ..... 9

## Кабарламаны ким тапшырат

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 51-беренесинин 13-пунктуна ылайык, салык төлөөчү учурдагы салыктык эсепке алуу жери боюнча салык органына кабарлама тапшырууга милдеттүү:

а) товарларды өткөрүп берүүгө байланыштуу ЕАЭБ мүчө мамлекеттин аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизүү жөнүндө:

- ЕАЭБ мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсүнөн анын Кыргыз Республикасындагы филиалына же өкүлчүлүгүнө;

- ЕАЭБ мүчө мамлекеттеги филиалдан же өкүлчүлүктөн филиал же өкүлчүлүк болуп саналган Кыргыз Республикасынын салык төлөөчүсүнө;

б) өткөрүп берүүгө байланыштуу товарларды Кыргыз Республикасынын аймагынан ЕАЭБ башка мүчө мамлекеттин аймагына ташып чыгаруу жөнүндө:

- Кыргыз Республикасынын салык төлөөчүсүнөн ЕАЭБ мүчө мамлекеттеги өзүнүн филиалына же өкүлчүлүгүнө;

- Кыргыз Республикасындагы филиалдан же өкүлчүлүктөн филиалы же өкүлчүлүгү болуп саналган ЕАЭБ мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсүнө;

в) ташып киргизилген товарлардын өзгөчөлүктөрүн жана мүнөздөмөлөрүн өзгөртпөстөн кийин Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгарыла турган товарларды ЕАЭБ мүчө мамлекеттердин аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына убактылуу ташып киргизүү жөнүндө;

г) ташып чыгарылган товарлардын өзгөчөлүктөрүн жана мүнөздөмөлөрүн өзгөртпөстөн кийин Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизиле турган товарларды Кыргыз Республикасынын аймагынан ЕАЭБ мүчө мамлекеттердин аймагына убактылуу ташып чыгаруу жөнүндө;

д) иштетип алма чийки затты аны андан ары кайра иштетүү үчүн ЕАЭБ мүчө мамлекеттин аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизүү жөнүндө;

е) иштетип алма чийки затты андан ары кайра иштетүү үчүн аны Кыргыз Республикасынын аймагынан ЕАЭБ мүчө мамлекеттин аймагына ташып чыгаруу жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, ЕАЭБ мүчө мамлекеттерден/мүчө мамлекеттерге төмөнкү **товарларды убактылуу ташып киргизүү/ташып чыгаруу**:

а) көргөзмө, жарманкелерде көрсөтүү үчүн товарлар;

б) ижарага алынган негизги каражаттар;

в) кепилденген оңдоону кошкондо, оңдоо үчүн товарлар;


г) аскердик машыгууларды өткөрүү үчүн товарлар;

д) сыноо үчүн негизги каражаттар, аларды андан ары өзгөрүлбөгөн абалында ташып киргизүү/ташып чыгаруу шартында жана ташып киргизүүдө/ташып чыгарууда аларды идентификациялоону камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү менен ташып киргизүү/ташып чыгаруу.

## “Салык төлөөчүнүн кабинети” тутумунда STI-015 кабарламасын кантип тапшыруу керек


Жеке кабинетиңизге кириңиз. “ЕАЭБ менен иштөө” модулунда “Бир юридикалык

жактын чегинде убактылуу ташып киргизүү/ташып чыгаруу, иштетип алма чийки зат жөнүндө кабарлама" бөлүмүнүн шилтемесин басыңыз.




*Сүрөт 1. ЕАЭБ модулу - Убактылуу ташып киргизүү/ташып чыгаруу жөнүндө кабарлама*

"ЕАЭБ арыздар журналы" бетинде STI-015 кабарламасын тапшыруу баскычын басыңыз.





*Сүрөт 2Форманы толтурууга өтүү*

Толтуруу үчүн Кабарламанын электрондук формасы берилет.

## Кабарламанын бөлүмдөрүн толтуруу

### 1-бөлүм. Жалпы маалымат

Бул бөлүмдө салык төлөөчүнүн – жеке кабинеттин ээсинин маалыматтары көрсөтүлгөн, байланыш телефонунун талаасын толтуруу милдеттүү, электрондук почта дареги каалоосу жана зарылдыгы боюнча көрсөтүлөт.





*Сүрөт 3 1-бөлүм, STI-015 кабарламасы*

## 2-бөлүм. ЕАЭБге мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсү жөнүндө маалымат

Бул бөлүмдө ЕАЭБге мүчө мамлекеттин ИСНин, кодун жана аталышын, ЕАЭБге мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсүнүн аты-жөнүн/аталышын толтуруу зарыл. Маалыматтар ЕАЭБге мүчө мамлекеттин бир гана жагы үчүн толтурулат.

**Мисалы:** эгерде сиз жарманкенин уюштуруучусу болсоңуз жана сизге бир нече катышуучу кайрылса, ар бир катышуучуга өзүнчө Кабарлама толтурулат.




*Сүрөт 4   2-бөлүм, STI-015 кабарламасы*

## 3-бөлүм. Кабарламанын мазмуну

3-бөлүм толтуруу тартибине ылайык толтурулат, бул жерде ташып киргизүү/ташып чыгаруу максаттарына жараша керектүү параметрлерди тандоо зарыл.

**Мисалы:**


Убактылуу ташып киргизүү/чыгаруу үчүн;

Иштетип алма чийки зат;

Бир юридикалык жактын чегинде.

Саналып өткөн ар бир параметр үчүн толтурууга милдеттүү болгон өзүнүн талаалары ачылат.

Ташып киргизүү/ташып чыгаруу мезгилин көрсөтүңүз, “ташып киргизүү” же “ташып чыгаруу” параметрлеринин бирин тандаңыз, негиздердин бирин тандаңыз, келишимдин номери жана датасы боюнча маалыматтарды толтуруңуз. Талапка ылайык ПДФ форматындагы документти тиркеңиз (файлдын көлөмү 30Мб ашпоого тийиш).




*Сүрөт 5 3-бөлүм, Кабарламанын мазмуну*


## 4-бөлүм. Ташып киргизилүүчү/ташып чыгарылуучу товарлар жөнүндө маалымат

Ташып киргизилүүчү товардын/ чийки заттын аталышын товарлар каталогунан тандаңыз.

Өлчөө бирдигин, санын, баасын көрсөтүңүз.

**Эскертүү:** эгерде бул маалымдамада сиз издеген товар/чийки зат жок болсо, анда салык төлөөчүнүн жеке кабинетине https://catalog.salyk.kg/ дареги боюнча кошуу үчүн өтүнмө берүү керек. Өтүнмө “Товарлардын каталогу” модулунун колдонуучунун колдонмосунда баяндалган жол-жобого ылайык белгиленген тартипте каралат.

Жазууну кошуу “Жазууну кошуу” баскычын басуу менен ишке ашырылат, ашыкча саптарды сапты өчүрүү функциясын колдонуу менен өчүрсө болот.





*Сүрөт 6  Ташып киргизилүүчү/ташып чыгарылуучу товарлар же иштетип алма чийки зат жөнүндө маалымат бөлүмү*

Эгерде бардык милдеттүү талаалар толтурулса, “Сактоо” баскычы активдүү болот (коюу көк түстө), эгерде ал бозоруп турса жана басууда Кабарлама сакталбаса, анда бардык милдеттүү талаалар толтурулганын текшерүү керек.

Толтурууга милдеттүү болгон талаалар * кызыл белги менен көрсөтүлөт. Код ТНВЭД * .

## Кабарлама менен иштөө (түзөтүү, басып чыгарылган версиясын көрүү, жөнөтүү)

Кабарлама сакталгандан кийин, ал тууралуу жазуу “Кабарламанын тизмеси” бөлүмүндө көрсөтүлөт. “Түзүлдү” статусундагы кабарлама үчүн аткара турган аракеттерди кененирээк карап чыгабыз.





*Сүрөт 7 Тизме, түзүлгөн кабарлама*


## Маалыматтарды көрүү

Кабарлама боюнча деталдарды көрүү мурда электрондук түрдө толтурулган маалыматты көрүүгө мүмкүндүк берет. Жалпы маалыматты жана товарлардын тизмесин көрүүгө болот.

Ошондой эле, бул терезеде берилген кабарламаны кабыл алуудан салык органы тарабынан четке кагылган учурда четке кагуунун себебин көрсөтүү менен маалымат чагылдырылат.




*Сүрөт 8  Мисал, Салык органынын четке кагуу себеби менен маалыматтарды көрүү*




Общая информация | Список товаров

| № | НАИМЕНОВАНИЕ | КОД ТНВЭД | ЕДИНИЦА ИЗМЕРЕНИЯ | КОЛИЧЕСТВО | СТОИМОСТЬ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | холодильник | 8418102001 | 796 | 10.00000 | 500000.00000 |
| 2 | холодильник | 8418102001 | 796 | 1.00000 | 50000.00000 |

*Сүрөт 9 Мисал, товар жөнүндө маалыматты көрүү*

## Басып чыгаруу

“Басып чыгаруу” баскычы басып чыгаруу формасын ачат, аны сиздин түзмөгүңүзгө ПДФ форматында сактоого болот.




*Сүрөт 10Басып чыгаруу жана PDF форматында документти жүктөп алуу*

## Түзөтүү


“Түзүлдү” статусундагы кабарламаны Салык органына жөнөтүлгөнгө чейин гана ондоого болот. Бул үчүн “Аракеттер” баскычын басып, “Түзөтүү” дегенди тандаңыз. Өзгөртүүгө мүмкүн болгон алгачкы маалыматтары бар форма ачылат.

Толтурулган маалыматтардын тууралыгына ынангандан кийин, тиешелүү аракетти басуу менен Салык органына кабарламаны жөнөтүү керек.

# Салык органына Кабарламаны жөнөткөндөн кийин эмне кылуу керек?

Кабарлама Салык органына жөнөтүлгөндөн кийин, ал “Салык органына жөнөтүлдү” статусуна ээ болот. Салык органы тарабынан анын кабыл алынышын/четке кагылышын күтүү зарыл.

**Эскертүү:** Салык органына кабарлама жөнөтүлгөндөн кийин, түзөтүү мүмкүн болбой калат. Жөнөтүүдөн мурда веб интерфейсте же PDF формасында киргизилген маалыматтарды дагы бир жолу текшерип чыгууну сунуштайбыз.



Список уведомлений | Фильтр

| № | Статус | ИНН | Район | Наименование уведомления | Номер уведомления | Ввоз/Вывоз | Дата подачи | Период С-ПО | Продление До | Статус продления срока | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Отправлено в ГНС | 1 3198 )3 | 002 | UVEDOMLENIE STI-015 | 00223092025U006 | Ввоз | 23.09.2025 | 23.09.2025-01.11.2025 | | | Действия |

*Сүрөт 11 Салык органына иштеп чыгууга жөнөтүлгөн кабарлама*


## Кабарлама менен иштөө (Мөөнөтүн узартуу, жабуу)

“Салык органы тарабынан кабыл алынды” статусуна ээ болгон кабарлама үчүн жогоруда баяндалбаган “Аракеттер” графасында эки кошумча опция бар. Бул мөөнөтүн узартуу жана аны жабуу мүмкүнчүлүгү.

## Мөөнөтүн узартуу.


Аракеттерде “Мөөнөттү узартуу” параметрин тандаңыз, басканда датаны киргизүү үчүн терезе, комментарий талаасы жана ПДФ форматындагы файлды тиркөө ачылат.

**Маанилүү: Эске алыңыз, Кабарламанын мөөнөтүн бир гана жолу узартууга мүмкүн.**




*Сүрөт 12 Мөөнөттү узартууга форма*

Толтуруп бүткөндөн кийин “Жөнөтүү” баскычын басыңыз. “Кабарламанын тизмесинде” “Мөөнөттү узартуу статусу” графасында “Иштелип чыгууда” статусу көрсөтүлөт. Салык органынын инспектору тарабынан иштелип чыгышын күтүңүз. “Ырасталды” статусу сиздин мөөнөттү өзгөртүү боюнча өтүнмөңүз кабыл алынганын билдирет. Эгерде статус “Четке кагылды” болсо, “Деталдар” барагын карап чыгуу керек, зарыл болсо, инспектор баяндаган так эместиктерди оңдоп, кайрадан мөөнөттү узартууга тапшырыңыз.



| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Принято ГНС | 002 | UVEDOMLENIE STI-015 | 00215092025U003 | Ввоз | 15.09.2025 | 15.09.2025-15.09.2025 | 12.10.2025 | Подтверждено | Действия |
| Принято ГНС | 002 | UVEDOMLENIE STI-015 | 00217092025U007 | Вывоз | 17.09.2025 | 17.09.2025-19.09.2025 | 11.10.2025 | Отказано | Действия |
| Принято ГНС | 002 | UVEDOMLENIE STI-015 | 00222092025U014 | Вывоз | 22.09.2025 | 12.12.2025-12.12.2026 | 13.12.2025 | В обработке | Действия |

*Сүрөт 13Узартылган/четке кагылган узартуу мөөнөтү тууралуу кабарлама*


## Кабарламаны жабуу (STI-016 формасын тапшыруу)

STI-016 кабарламасынын формасын түзүү үчүн алгачкы STI-015 кабарламасын жабууда, аракет графасында “Жабуу” дегенди тандаңыз.

STI-016 кабарламасы боюнча алгачкы маалыматтар STI-015 кабарламасынан автоматтык түрдө түзүлөт (иштетип алма чийки заттан тышкары).

1 жана 2-бөлүмдөрдөгү маалыматтарды түзөтүүгө болбойт.


3-бөлүм. Эгерде ташып чыгаруу жүзөгө ашырылып жаткан учурда көрсөтүү зарыл болгон товарларды/иштетип алма чийки затты ташып киргизүүдө тариздэлген коштомо кагаздын маалыматтарын кошпогондо, баштапкы маалыматтардын негизинде автоматтык түрдө түзүлөт.



*Сүрөт 14   3-бөлүмдүн мисалы*

4-бөлүм (эгерде товарлар убактылуу ташып киргизилген/ташып чыгарылган болсо) STI-015 кабарламасынан алынган маалыматтарды камтыйт, бул формада иш жүзүндөгү саны жана иш жүзүндөгү наркы талааларын толтуруу зарыл.


Эгер бул маалыматтар дал келбесе, бул позиция боюнча комментарий калтырыңыз.



*Сүрөт 15 STI-016 кабарламасы үчүн иш жүзүндөгү маалыматтарды толтуруу*

Андан ары Кабарлама STI-015 кабарламасына окшош сактоо жана Салык органына жөнөтүү жол-жобосунан өтөт.

Эгерде иштетип алма чийки зат ташып киргизилген/ташып чыгарылган болсо, анда STI-016 кабарлама формасында иштетип алма чийки заттын аталышы, ТЭИ ТН коду жана иш жүзүндөгү саны менен наркы толтурулат.



*Сүрөт 16 Кайра иштетүү продуктусуна STI-016 формасын толтуруунун үлгүсү*

Салык органы тарабынан кабарламаны кабыл алуу жөнүндө ырастоо жол-жобосу аяктагандан кийин, STI-015 кабарламасынын статусу “Жабык” деп көрсөтүлөт жана STI-016 кабарламасынын формасы “Салык органы тарабынан кабыл алынды” статусунда калат.

## Салык төлөөчүнүн кабинетиндеги кабарламалардын статустарынын чечмелениши

| № | Статус | Мааниси |
|---|---|---|
| 1 | Түзүлдү | Кабарлама түзүлдү, бирок салык органына жөнөтүлгөн жок |
| 2 | Салык органына жөнөтүлдү | Кабарлама салык органына жөнөтүлдү, салык органы тарабынан чечим күтүлүүдө |
| 3 | Салык органы тарабынан кабыл алынды | Салык органы тарабынан Кабарлама кабыл алынды |
| 4 | Салык органы тарабынан четке кагылды | Кабарлама салык органы тарабынан четке кагылды, инспектор көрсөткөн каталарды текшерип, оңдоо керек, зарыл болсо жаңы кабарлама тапшыруу зарыл |
| | Мөөнөттү узартуу статусу | |
| 5 | Иштеп чыгууда | Мөөнөттү узартуу салык органы тарабынан каралган жок |
| 6 | Ырасталды | Салык органы тарабынан мөөнөттү узартуу ырасталды |
| 7 | Четке кагылды | Мөөнөттү узартуу четке кагылды. Толук маалыматка өтүп, четке кагуунун себеби менен таанышуу керек |